КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ

ОШ ШААРДЫК ИЧКИ ИШТЕР
БАШКАРМАЛЫГЫ

Ош ш. ул.Э.Алиев коч. № 128 (тел. 03222 2-27-23, 4-82-82)

МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ ГОРОДА
ОШ

г.Ош ул. Э.Алиева № 128 (тел. 03222 2-27-23, 4-82-82)

«_23_ » ____10.______ 2024-жыл. чыг. №_32/3-_7420_

**Ош шаардык аймактык**
**шайлоо комиссиясынын**
**төрайымы**
**К.Т. Бердибековага**

Ош шаардык ИИБдин Тергөө кызматы тарабынан, Ош шаарынын Кызыл-Кыштак айыл аймагынын Хошимов көчөсүнүн 23-үйүнүн тургуну, 1973-жылы туулган Рахманов Дилмурад Дилдорбековичтин Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын электрондук дарегине жиберген арызы, Сиздер тарабынан караштуулугу боюнча Ош ШИИБна жиберилип, 21.10.2024-жылы Башкармалыктын маалыматтарды эсепке алуу журналына 02-041-2024-002779 сандуу катталып, тергөөгө чейинки тешкерүү иштери жүргүзүлдү.

Текшерүүнүн жыйынтыгында жыйналган иш кагаздарына, арыз ээси Д.Рахмановтун өзүнүн, К.Алимовтун жана 16.10.2024-жылы түзүлгөн актыга кол тамгаларын койгон Беш-Капа көчөсүнүн тургундардын окуянын жагдайына байланыштуу берген көрсөтмөлөрүнө баа берип, Д.Рахмановтун арызында көрсөткөн дооматтары өз ордун таппагандыктан, андан сырткары ал өзүнүн жазган арызын кароосуз калтыруу тууралуу жазган тосмо арызын эске алып, арызда көрсөтүлгөн жагдайда Алимов Козимжон Носировичтин кыймыл аракетинде Кыргыз Республикасынын шайлоого байланыштуу мыйзамдарында каралган кылмыштын жана укук бузуучулуктун белгилери байкалбагандыктан, жыйналган иш кагаздары боюнча 2024-жылдын 23-октябрында 02-041-2024-002779-01-001-001681 сандуу кылмыш иш козгоодон баш тартуу чечими кабыл алынып, арыз ээсине макул болбогон учурда даттануу укугу бар экени кабарланды.

Ал эми арыз ээси Алимов Козимжон Носировичти талапкерлер тизмесинен каттоосун жокко чыгаруу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 65,66-беренелеринде көрсөтүлгөн учурларга байланыштуу, ушул эле Кодекстин 455-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы, шайлоо комиссиялары ушул Кодекстин 60-62, 64-69-беренелеринде каралган укук бузуулар жөнүндө иштерди карайт жана жаза чараларды көрөт деп көрсөтүлгөндүктөн, караштуулугуна ылайык Сиздерге кайрылууга тийиш болуп саналат.

**Ош ШИИБнын Тергөө кызматынын башчысы**
**милициянын полковниги** **К.А. Тургуналиев**

Атк. ТК Каримбердиев Ж.К.
0553 81 70 60

№ 02-041-2024-002779-01-001-001681

# ТОКТОМ/ПОСТАНОВЛЕНИЕ

## кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү / об отказе в возбуждении уголовного дела

Ош шаары 23.10.2024 -ж./г.

Мен, Ош ШИИБнын ТКнын тергоочусу, милициянын майору Каримбердиев Ж.К., Ош ШИИБдин МЭЖне 21.10.2024-жылы 02-041-2024-002779 сандуу катталган иш кагаздарын карап чыгып, төмөндөгүлөрдү

## АНЫКТАДЫМ/УСТАНОВИЛ:

Ош ШИИБна караштуулугу боюнча Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Ош аймактык шайлоо комиссиясынан Ош шаарынын Кызыл-Кыштак айыл аймагынын Хошимов көчөсүнүн 23-үйүнүн тургуну, 1973-жылы туулган Рахманов Дилмурад Дилдорбековичтин Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясына жазган арызы боюнча 2024-жылдын 19-октябрында кабыл алынган №20 чечимин кароо менен укуктук баа берүү үчүн жиберилген.

Жаран Д.Рахманов өзүнүн арызында, Ош шаардык Кеңешинин депутаттыгына “Бир Бол” партиясынан талапкерлигин койгон Алимов Козимжон Носирович, Ош шаарынын Кызыл-Кыштак айыл аймагынын Беш-Капа көчөсүнүн тургундарына: “Рахманов Дилмурад арыз жазып, Беш-Кападагы 35 үйдү бузат экен, аны депутаттыкка бекер шайлагансыңар, эми аны депутаттыкка шайлабаныздар” деп чындыкка дал келбеген, жалган маалыматтарды шайлоочуларынын арасында атайын таркатып, аны жаман көрсөтүүгө аракет кылуу максатында укукка каршы түрдө үгүт ишин жүргүзгөндүктөн, Ош шаардык Кеңешинин депутаттыгына “Бир Бол” партиясынан талапкерлигин койгон Алимов Козимжон Носировичти талапкерлер тизмесинен каттоосун жокко чыгарууну суранары тууралуу билдирген.

Ошондуктан бул факты боюнча укуктук баа берүү менен мыйзамдын негизинде чечим кабыл алуу үчүн жыйналган материал 21.10.2024-жылы Ош ШИИБдин МЭЖне 02-041-2024-002779 сандуу катталып, тергөөгө чейинки текшерүү иштери башталган.

Текшерүү убагында, болгон жагдайга байланыштуу арыз ээси Рахманов Дилмурад Дилдорбековичти сураган учурда, ал арызында көрсөткөн дооматын тастыктап, аны 2024-жылдын октябрь айынын башында Беш-Капа көчөсүнүн жашоочулары чакырышып, ага Сиз биздин 35 үйдү бузуу жөнүндө арыз менен кайрылыпсыз, эмне Сиз биздин үйлөрдү эмнеге буздурасыз деп сурашканда, ал жашоочуларга андай арыз жазбаганын, кийин ал сураштырып Алимов Козимжондун Кыргыз Республикасынын Президентинин электрондук дарегине жиберген арызынын көчүрмөсүн аларга көрсөткөнүн, андан сырткары ал талапкер Алимов Козимжондун ата-энеси жашаган Ош шаарынын Кызыл-Кыштак айыл аймагынын Халматов көчөсүндө жайгашкан 7-даректеги үйү мурдагы совхоздун автогаражынын жана жолдун ордуна салынып калгандыктан, жолду бошотуп берүү жөнүндө Ош шаардык прокуратурасына 2024-жылдын августунда арызы менен кайрылганын, андан сырткары К.Алимов ал Беш-Капа көчөсү аркылуу өткөн талагаа көп кабаттуу үйлөрдүн курулушу каралып жаткандыктан, ал Беш-Капа көчөсүндө жайгашкан 35 үйдүн аймагын арыктын

Документ подготовлен в АИС «ЕРП»

четине чейин жылдырууга байланыштуу маселе 2024-жылдын июль, август жана сентябрь айларынан бери көтөрүлүп келгенин, бирок арыз ээси Д.Рахманов ал экөөнүн мурдатан болгон пикир келишпестигинен улам бул маселе жөнүндө 2024-жылдын 16-октябрында Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын электрондук дарегине арызын жибергени тууралуу көрсөтүп, К.Алимовтун КРнын Президентинин электрондук дарегине жиберген арызынын, Ош шаарынын мэриясы менен Ош шаарынын прокуратурасынын ага берген билдирүү кагаздарынын көчүрмөлөрүн тергөөгө камсыз кылган.

Ошондой эле, Д.Рахманов өзүнүн КРнын БШКна жиберген арызына Кызыл-Кыштак айыл аймагынын Беш-Капа көчөсүнүн 10 жашоочусунун аты-жөнү, дареги, абоненттик номерлери жана кол тамгалары коюлган 16.10.2024-жылы түзүлгөн актыны дагы тиркегендиктен, ал актыда көрсөтүлгөн тургундарды, тактап айтканда Абиев Хабибуллону. Исмаилов Шакиржанды, Бегматова Адашханды, Сайфудинова Мукаддасты. Жураев Анваржанды жана Хамидов Ибайдиллону алар кол тамгаларын койгон акты тууралуу сурак кылган убакта, алар актыга чынында кол тамгаларын коюшканын, ал актыны алардын үйүно Беш-Капа көчөсүндо жашаган кошунасы Турсунбаев Махмуд алып келип, аларга Беш-Капа көчөсүндөгү үйлөрдүн бузулушуна каршы экенин билдирген кат экенин оозеки түрдө айтып түшүндүргөндүктөн, алар актыда жазылган тексттин сөздөрүн окуубастан эле кол тамгаларын коюп беришкенин, алар Алимов Козимжондун: “Рахманов Дилмурад Беш-Кападагы 35 үйдү бузуу тууралуу арыз жазды, аны депутаттыкка бекер шайлагансынар, эми аны депутаттыкка шайлабаңыздар” деп айтканын укпагандыгын, алардын бул маселеси 2024-жылдын февраль айында башталып, бүгүнкү күнгө чейин чечилбей келе жатканын, бул маселенин 2024-жылдын 17-ноябрында Ош шаарынын Кеңешинин депутаттыгына эч кандай тиешеси жоктугун көрсөтүшкөн.

Бул жагдай байланыштуу Турсунбаев Махмудту сураган учурда, ал 2024-жылдын сентябрь айында Беш-Капа көчөсүно Алимов Козимжон келип, ал жердегилерге Рахманов Дилмурад ушул жердеги жашоочулардын үйүн арыктын четине чейин буздурамын деп прокуратурагы арыз жазыптыр, аны өзүнөр шайлагансынар деген мазмундагы созду айтканын, анан алар Ош шаардык прокуратурасына барып бул жагдай тууралуу сураганда, алар жашаган Беш-Капа көчөсу шаарга өтө жлектигин билишип, бирок кийин Кара-Сууга барышпаганын, бирок аларга 2024-жылдын июнь айында “Джупас” каналынын коргоо аймагына кирген жерлерди бузууга байланыштуу Кызыл-Кыштак айыл аймагынын атынан эскертүү таратылганын, 2024-жылдын октябрь айынын баш ченинде аларга Д.Рахманов келип, ал үйлөрду буздуруу тууралуу арыз жазбаганын, К.Алимовтун Беш-Капа көчөсүндө жашаган ата-энесинин үйүн буздурууга байланыштуу прокуратурага арыз жазганы тууралуу айтканын, 2024-жылдын 16-октябрында аны Д.Рахманов чакырып, ага даяр жазылган актыны берип, кол койдуруп берүүнү сурангандыктан, ал өзу кол коюп, анан дагы 9 тургунга кол койдуруп бергенин көрсөтүп, эскертүү кагазынын бир нускасын тергөөгө камсыз кылган.

Арыз ээси Д.Рахмановтун арызында көрсөткөн дооматтар тууралуу “Бир Бол” партиясынан депутаттыкка талапкер Алимов Козимжон Носирович суралып, ал Д.Рахмановтун КРнын Борбордук шайлоо комиссиясына кайрылган арызындагы дооматтар жалган экенин, ал Беш-Капа көчөсүнүн тургундарына: “Рахманов Дилмурад арыз жазып, Беш-Кападагы 35 үйдү бузат экен, аны депутаттыкка бекер шайлагансыңар, эми аны депутаттыкка шайлабаныздар” деген сөздөрдү айтпаганын, Д.Рахманов анын Беш-Капа көчөсүндөгү атасынын үйүн буздуруу боюнча ар кайсыл органдарга бир тпо убакыттан бери арыз жазып келе жатканын, ошол себептен ал чынында 2024-жылдын август айында Кыргыз Республикасынын Президентинин электрондук дарегине арыз жибергенин, ал арызда атасынын Беш-Капа көчөсүндөгү үйү мыйзамсыз болсо бузулуусу, ошондой эле ал арыктын башталышы болгон Ак-Буура дарыясынын жээгинде мыйзамсыз курулган курулуштардын дагы мыйзамдуулугун кароого байланыштуу жазылганын, Д.Рахманов ал иштеген “Сүрөттүү Таштагы” мектепке өзүнүн чон атасынын атасынын аты-жөнүн коюу тууралуу аракет кылганын, бирок ал мектеп жамааты баш тарткандыктан, ал аны уюштурду деп

ойлоп, ал экөөнүн ортосунда мурдатан эле пикир келишпестик бар экенин, ал Бееш-Капа көчөсүно байланыштуу көйгөйдүн Ош шаардык Кеңешинин депутаттыгына эч кандай тиешеси жоктугун, Д.Рахманов бул маселени өзүнүн кызыкчылыгын үчүн пайдаланып жатканы тууралуу көрсөткөн.

Мындан сырткары, 2024-жылдын 23-октябрь күнү арыз ээси Рахманов Дилмурад Дилдорбекович өзүнүн тосмо арызы менен кайрылып, анда ал 16.10.2024-жылы Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясына арызы менен кайрылып, анын арыз боюнча укуктук баа берүү үчүн Ош ШИИБна жиберилгенин, бирок бүгүнкү күндө үгут иштери башталгандыктан, ал жазган арызы боюнча текшерүүнү токтотуп, кароосуз калтырынуу суранры тууралуу билдирген.

Текшерүүнүн жыйынтыгында, Рахманов Дилмурад Дилдорбековичтин Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын электрондук дарегине жиберген арызы боюнча жыйналган иш кагаздарына, анын өзүнүн, К.Алимовтун жана 16.10.2024-ж. түзүлгөн актыга кол тамгаларын койгон Беш-Капа көчөсүнүн жети тургундарынын окуянын жагдайына байланыштуу берген көрсөтмөлөрүнө баа берип, Д.Рахмановтун арызында көрсөткөн дооматтары өз ордун таппагандыктан жана бул жагдайда Алимов Козимжон Носировичтин кыймыл аракетинде Кыргыз Республикасынын шайлоого байланыштуу мыйзамдарында каралган кылмыштын жана укук бузуучулуктун белгилери байкалбагандыктан, жыйналган иш кагаздары боюнча кылмыш иш козгоодон баш тартууга жатат деп эсептеймин.

Ал эми арыз ээси Д.Рахмановтун Алимов Козимжон Носировичти талапкерлер тизмесинен каттоосун жокко чыгаруу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 65,66-беренелеринде көрсөтүлгөн учурлар, ушул эле Кодекстин 455-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы, шайлоо комиссиялары ушул Кодекстин 60-62, 64-69-беренелеринде каралган укук бузуулар жөнүндө иштерди карайт жана жаза чараларды көрөт деп көрсөтүлгөндүктөн, аймактык караштуулугуна ылайык Ош шаардык аймактык комиссиясына өзүнчө кайрылууга тийиш болуп саналат.

Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 36, 37, 153, 154 жана 27-беренесин 1-бөлүмүнүн 2-пунктун жетекчиликке алып / На основании вышеизложенного, руководствуясь требованиями статьи 36, 37, 153, 154 и 27 части 1 пункта 2 УПК Кыргызской Республики

## ТОКТОМ КЫЛДЫМ/ПОСТАНОВИЛ:

1. Ош шаардык ИИБдин МЭЖне 21.10.2024-жылы 02-041-2024-002779 сандуу катталган, Рахманов Дилмурад Дилдорбековичтин Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын электрондук дарегине жиберилген арызынын негизинде жыйналаган иш кагаздары боюнча Алимов Козимжон Носировичтин кыймыл аракетинде Кыргыз Республикасынын шайлоого байланыштуу мыйзамдарында каралган кылмыштын жана укук бузуучулуктун белгилери байкалбагандыктан, кылмыш иш козгоодон баш тартылсын.
2. Токтомдун мазмуну кызыккан тараптарга маалыматтандырылсын жана аларга укук милдеттери түшүндүрүлсүн.
3. Токтомдун көчүрмөсү маалымат иретинде, Ош шаарынын прокуроруна жиберилсин.

Каримбердиев Жанибек
Кубанычбекович

Ош ШИИБнын ТКнын тергоочусу
милициянын майору